ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК БОЮНЧА КОМИССИЯ

**ОНУНЧУ ЖЫЙЫН**

**Астана (онлайн), 2023-жылдын 20-апрели**

# СУНУШТАМАЛАР

## ТҮРКПА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨРДҮН СООДА ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ДАРМАНЫН ИНТЕГРАЦИЯСЫ: ЖАҢЫ РЕАЛДУУЛУКТА КЕЛЕЧЕК ТРАНСПОРТТУК СҮЛДӨРҮ

Парламенттик Ассамблея:

ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн соода жана экономикалык дарманын интеграциясын ***кубаттап***;

Геосаясий жана эл аралык социалдык-экономикалык кырдаалдын жаңы шарттары ТүркПАнын кызматташтыгына таасирин тийгизерин ***түшүнүү менен***, ушуга байланыштуу жаңы кырдаалда ТүркПА регионунда транспорттук жана транзиттик мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу үчүн бардык күч-аракетин жумшоого даяр экендигин ***ырастап***;

ТүркПАга мүчө өлкөлөр тарабынан бекитилген эл аралык келишимдерде белгиленген ТүркПА региону аркылуу транзиттик өтүү шарттарды аткаруу зарылдыгын ***таанып***;

ТүркПА регионунда эл аралык транспортту өнүктүрүү жана ТүркПА регионунда эл аралык сооданы өнүктүрүүнү колдоо ниетин ***билдирип***;

ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыктын, маалымат алмашуусунун жана соода-экономикалык дарманын интеграциясын стимулдаштыруу максатында транспорттук базаны жакшыртууга багытталган биргелешкен аракеттердин артыкчылыктарын ***таанып***;

ТүркПАнын аймагы боюнча транспорттун бардык түрлөрү менен ташылуучу транзиттик жүктөрдү жана ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн өз ара керектөөчү товарларын жана адамдарды ташууну тездетүү каалоосун ***ырастап***;

Туруктуу өсүштүн жана экономикалык өнүгүүнүн маанилүү элементи катары соода-экономикалык дармандын интеграциясын стимулдаштыруу үчүн транспорттук инфраструктураны жакшыртуу зарылдыгын ***түшүнүп***;

Парламенттер жана парламентарийлер улуттук экономиканын соода жана транспорт тармактарында мыйзамдарды кабыл алуу, бюджеттерди бекитүү, аркылуу маанилүү роль ойноорун ***эске алып***;

Парламенттердин транспорттук жана транзиттик секторго институционалдык, инфраструктуралык жана финансылык колдоо көрсөтүүдө мыйзамдардын негизги ролун ***эске алып***;

ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн парламенттерине **сунуштайт:**

a) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн мыйзамдарын шайкеш келтирүү жана жакындатуу кезегинде транспорттук жана транзиттик маселелер боюнча укуктук базаны *өркүндөтүү*;
b) COVID-19 пандемиясы сыяктуу форс-мажордук жагдайларды же ушуга окшош кырдаалдарды эске алып, өзгөчө транспорттук жана транзиттик демилгелерди колдоо боюнча мыйзам чыгаруу жаатында, ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн ар кандай мамлекеттик түзүмдөрүнүн ортосундагы кызматташуунун жана иш-аракеттерди синхрондоштуруунун жолдорун *издөө*;

c) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы пассажирдик ташуусун жогорулатуу максатында, алардын борбор жана чоң шаарларынын ортосунда үзгүлтүксүз аба каттамдарын түзүү мүмкүнчүлүктөрүн *карап чыгуу* жана *ишке ашыруу*;
d) ТүркПА мүчө өлкөлөрдөгү транспорттук жана транзиттик каттамдардын тарышына байланыштуу тоскоолдуктардын кесепеттерин изилдөө жана кызыкдар тараптар менен биргеликте чечүү жолдорун *изилдөө*;
e) ТүркПА регионундагы деңиз жана “жер” порттук хабдардын ишин өз ара синхрондоштуруу маселелерин талдоо жана системалаштыруу боюнча компетенттүү органдар менен зарыл чараларды *көрүү*;
f) транспорттук-транзиттик саясатты иштеп чыгууда комплекстүү жана ийкемдүү мамилени кабыл алуу жана бул чөйрөдөгү бюрократиялык тоскоолдуктарды же ишке ашыруу каталарын жоюу максатында эксперттердин арасында үзгүлтүксүз негизде консультацияларды *өткөрүү*;
g) кызыкдар тараптар үчүн соода-экономикалык потенциалын интеграциялоосун стимулдаштырууга багытталган инвестициялык программаларды натыйжалуу пайдаланууга байланышкан алдыңкы улуттук жана эл аралык тажрыйбаны *изилдөө*, ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдарын жакындаштыруу үчүн тиешелүү документтерди *чогултуу* жана *талдоо*;
h) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн автотранспортчулары үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө, ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн транзиттик жүктөрүн жана өз ара керектөөчү товарларын ташууну камсыз кылууга багытталган чараларды *жайылтуу*;
i) ТүркПАнын аймагы боюнча транспорттун бардык түрлөрү менен ташылуучу потенциалдуу транзиттик жүктөрдү максималдуу жылдыруу максатында ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн жүк ташуучулары үчүн транзитке байланыштуу квоталарды жана уруксат берүүчү документтерди даярдоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгүн *карап чыгуу*;
j) ТүркПА регионунда транспорттук жана транзиттик потенциалды максималдуу пайдалануу жана бул көйгөйдү чечүүгө артыкчылык берүү максатында, ТүркПА мүчө өлкөлөрдөгү кыймылдуу составдын жана локомотив тартуучу

парктардын жетишсиздигин жоюу боюнча биргелешкен эксперттик топтун кезектеги отурумдарын *өткөрүү*;

k) соода-экономикалык интеграция чөйрөсүндөгү изилдөөчүлөргө жана практиктерге жардам бере турган маалыматтарды *чогултуу* жана *жайылтуу*, жана ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү тармактагы кызматташуусунун артыкчылыктарын *аныктоо*.